**Карачева Өмүргүл Сулаймановна –**
Балыкчы шаарындагы № 4 гимназия мектебинин
тарых жана жаран таануу мугалими

**Сабактын темасы: “Жети ата санжырасы“**

**Сабактын максаты:**

1. Окуучуларга эмне үчүн “Жети атаны” билүү өтө маанилүү экендигин санжыра аркылуу түшүндүрүү;
2. Өзүнүн жети атасынын генологиялык таблицасын түзүүнүн ыкмасын түшүндүрүү менен окуучулар өз ата тегинин тарыхын кененирээк изилдөөсүнө багыт берүү;
3. “ Жети ата” санжырасы аркылуу окуучуларды өз ата – тегин урматтоого, ата – баба салтын улап, урпактан – урпакка өткөрүүгө, өз ата тегинин келип чыгышын унутпай көкүрөккө түйүп алуусуна, өз элинин каада-салтын ыйык тутууга тарбиялоо.

**Сабактын тиби:** Аралаш сабак.
**Сабактын формасы**: Ролдук оюн жана топтор менен иштөө
**Сабактын жабдылышы**: Сахна жасалгасы, накыл сөздөр, магнитофон.

**Сабактын жүрүшү:**

1. Сабакты уюштуруу;

**Мугалимдин сөзү:** Кыргыз эли байыртан көчмөн калк болуп келгендигин тарыхтан окудуңар, көчмөн калктарда оозеки чыгармачылык өркүндөгөн, кыргыздар өз ата – тегинин тарыхына өзгөчө көңүл бөлүп эркек бала жети жашка чыкканга чейин, жок дегенде жети атасына чейинки аталарынын аттарын билүүнү салтка айландырышкан. Эмне үчүн кыргыздарга жети атаны билүү парз болгонун бүгүнкү сабакта түшүнүүгө аракет кылабыз. Анда сахналык көрүнүшкө көңүл бөлөлү.

**2. “Көкөй кести“ күүсү угулат.**
**Чоң атасын жетелеген бала киришет.**

**Небереси:** Чоң ата келиңиз бул жерге олтуруңуз, чарчадыңызбы?

**Чоң атасы**: Ырахмат, бир аз чарчадым, ии-и менде суроом бар эле деп эле жан койбойсуң, эми айтчы суроонду.

**Небереси:** Мен санжыра китептен окудум: “кыргыздарда “Жети атасын“ билбегендерди “жетесиз кул“ дешкен” экен. Маанисине түшүнө албай койдум, түшүндүрүп берсеңиз?

**Чоң атасы**: Аа, айланайын жакшы суроо бердиң, түшүндүрүп берейин, анда эмесе угуп ал: Илгери кыргыздар жоокерчилик заманда Эне – Сай өрөөнүндө жашашкан экен. Ошол учурда кыргыз мамлекети катылган душмандардын катыгын берип, зор аймакты ээлеген кубаттуу мамлекет эле. Мезгил өтүп, Чыгышта кыргыздардыкынан да кубаттуу мамлекет курулат. Сан жетпеген баскынчылар кыргыздарды жер үстүнөн

тыптыйпыл жок кылып, жерлерин ээлеп алгылары келет. Алардын мыкаачылыгынан айрым кыргыз уруулары таптакыр тукум курт болуп, кыргынга кабылат.

Айрым уруулар тоо беттеп качып, чер токойдун арасына кирип кетип жан сакташса, айрымдар Ала- Тоосуна кайтып келишет.

Ошондой каргашалуу заманда акылман карыялар, журт башчылары кеңешип, тукум курт болуп кетүүдөн сактануунун жолун издешип, бир сөзгө келишет. Жыйында жашы жүздөн ашып калган карыя: "Мындай шумдукту эч бир ата – бабаларыбыз башынан кечирбептир. Душмандар жети жашка чейинки балдарды эч нерсени түшүнбөгөн курагы, ата – тегин билбей өсөт, "кул" кылганга ылайыктуу дешип, чымындай жанына залал кылбай калтырып жатышыптыр деп уктум. Ошондуктан, жети жашка чейинки эркек балдардын кулагына куйгула. Алар жети атасынын ким экенин билсин. Эр жеткенде жети атасы үчүн душмандан өч алсын. Өз балдарын да жети атасын билүүгө үйрөтсүн. Жети жашка чейин жети атасын билбей өскөн баладан майнап чыкпайт! Жети атасын билбеген бала тексиз "жетесиз кулга айланат!" да, кыргыз экенин унутаар" деп Көкө Теңирден колдоо күткөн экен. Эми билдиңби балам " жетесиз кулдун" маанисин.

**Небереси:** Билдим, чоң ата! Мен да сиз үйрөткөн жети атамдын атын эч качан унутпайм, айтып берейинби? Атам – Мурат, Чоң атам- Асан, Бабам – Алсейит, Кубарым – Жайлообек, Жотом – Кушчу, Жетем – Ногой, Тегим – Тейит.

**Чоң атасы:** Азаматсың, ата-тегиңди унутпа балам. Азыркы заманга ырахмат, Совет доорунда минтип жети ата эмес, улутубуздун каада-салтын унутуп баратпадык беле. Салтты улайлык дегендерди "УЛУТЧУЛ" деп айыптап, Сталиндин заманында далай эр жигиттер ушундай айып менен бөөдө жерден атылып кетпедиби. Ошондон корккон эл динден четтеп, "каапыр" болуп кала жаздабадыбы. Мына минтип, бүгүн Ата Журтубуз эгемендүү болуп, өз тагдырыбызды өзүбүз чечкен мезгил келбедиби.

**Чоң ата менен небере ээрчишип чыгып кетишет.**

**3. Мугалим:** Мына, балдар эмне үчүн кыргыздар байыртан жети атаны билүүнү ыйык парз катары урпктан–урпакка өткөрүп келген. Азыр эми силердин ой-пикирди угалык, ал үчүн 3 топко бөлүнүп, жоопторуңарды ватманга жазып, жыйынтыктагыла.

1 – топко суроо: " Жоокерчилик заман" дегенге түшүнүк бергиле.

2 – топко суроо: Карыялардын кеңеши эмне деген жыйынтыкка келишти?

3 - топко суроо: " Жети атаны билүү – ыйык парз" дегенди кандай түшүнөсүңөр?

4. Ар бир топко үч минута убакыт берилет, топтор жоопторун ватманга жазышып, кезек менен жооп беришет.

Мугалим сабакты жыйынтыктап, үй тапшырмага ар бир окуучу өзүнүн жети атасынын генологиялык таблицасын түзүп келүүсүн үй тапшырмага берет.